КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУ
КАРКЫРА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
КАРКЫРА

Каркыра айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын 5- сессиясы

# ТОКТОМ

**07-февраль 2025 ж** **№ 27** **Талды-Суу айылы.**

## Каркыра айыл аймагында жашы жете элек 16- жашка чейинки жаш өспүрүмдөргө алкоголдук ичимдиктерди жана ден-солукка залал келтирүүчү заттарды колдонуусуна тыюу салуу жөнүндө

Каркыра айыл аймагында жашы жете элек 16- жашка чейинки жаш өспүрүмдөргө алкоголдук ичимдиктерди жана ден-соолукка залал келтирүүчү заттарды колдонуусун алдын алуу жана тыюу салуу максатында Каркыра айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Каркыра айыл аймагындагы менчиктин түрүнө карабастан соода түйүндөрүндө (дүкөндөрдө, мектептин тегерегиндеги камок дүкөндөрдө) жашы жете элек 16- жашка чейинки жаш өспүрүмдөргө (мектеп окуучулары) алкоголдук ичимдиктерди (энергетикалык суусундуктар, бозо) жана ден-соолукка залал келтирүүчү заттарды (тамеки, насывай, клей “момент”,флеш, кытайдын витаминдери жана таттуулары) сатууга тыюу салынсын.

2.Каркыра айыл өкмөтүнө ушул токтомдун биринчи пунктуна ылайык ар бир айыл боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын мүчөлөрүнөн жана тиешелүү мамлекеттик органдардан өкүлдөрдү тартуу менен комиссиянын курамын бекитишсин жана күчөтүлгөн тартипте иш алып барышсын.

3.Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Каркыра айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары-жооптуу катчы Н.Т.Жасолбековага жүктөлсүн.

**Төрага** **Абдылда у.Т.**